Шакитов Ш.
*Ж.Алышбаев ат. Ысык-Көл кооперация институту.*

## «МАНАС» ЖАНА САЯСАТ» – ЭТАЛОНДУУ ЭМГЕК

Өткөн жылдын аяк ченинде Т.Бакчиевдин жогорудагыдай аталыштагы монографиясы жарык көрүү менен (Б., 2013-ж., 298 б., 19 б. т., 200 нуска), манастаануу жана саясаттаануу илимдерин жаңы баскычка көтөрдү.

Эмгек - автордун көп жылдык, талыкпай, өндүрүмдүү аракеттенүүсүнүн ишенимдүү, максаттуу натыйжасы. Мындай ийгиликтерге ээ болуу үчүн Т.Бакчиев, негизинен, өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөргө - манасчы-лыгына, изилдөөчүлүгүнө басым жасады:

- Манасчылыгы мүчөл жашында эле байкалды, 17 жашында жаш манасчылардын республикалык фестивалына, бир жылдан кийин жаш дастан айтуучулардын Бүткүл союздук конкурсуна катышты (Азербайжан ССРи, Гянжа ш, 1989). «Манас» аркылуу «көрө-көрө көсөм, сүйлөй-сүйлөй чечен болуу» мүмкүнчүлүктөрү ушул жылдардан ачыла баштады.

- Талантаалынын манасчылыгын-дагы бурулуш мезгил - кыргыз мамлекеттик филармониясындагы эки жылдык студияга өтүп, манасчылар бөлүмүндө У.Мамбеталиевдин жетекчи-лигинде окуган 1991-1992-жылдарга туура келет. Андан жана К.Атабеков, Ш.Азизовдон «Манас» айтууну, обонун, мимика, пантомимикасын үйрөнүүгө, актерлук чеберчиликке жетишүүгө бет алгандыгы «Манас» угуучуларынын аудиториясын кеңейтти.

- Манасчы-илимпоз областтык, республикалык, регионалдык, эл аралык, дүйнөлүк долбоорлорго, кароо-сынактарга, кеңешмелерге, комиссия-лардын мүчөлүгүнө, конгресстер, конференцияларга; мектеп, ЖОЖ, коомдогу, теледеги жолугушууларга, лекцияларга, программаларга, сессияларга, симпозиумдар, социоло-гиялык изилдөөлөргө; турнелерге, фестивалдарга, фондуларга, экспедициялар, юбилейлерге (Алматы, Алтай, Астана, Баку, Баткен, Бишкек, Будапешт, Жалал-Абад, Иркутск, Каракол, Кызыл-Суу (Кытай), Нарын, Ош, Сан-Франциско, Санкт-Петербург, Симферополь, Соң-Көл, Талас, Ташкент, Улан-Батор, Уральск, Утрехт, Чолпон-Ата, Якутск ж.б) активдүү катышып, «Манас», манасчылык өнөр-касиеттер ж.б тууралуу баалуу билдирүү жасады, жан дүйнөсүн, дүйнөтаанымын байытты, өркүндөттү. Булардын негизинде «Манастын» дүйнөлүк маданиятта ээлеген ордун кеңейтүү, ролун жогорулатууга тиешелүү салымын арнады. Натыйжада, «Манасты» жайылтууга кошумча кошту: 2000- жылы Ж.Орозбекованын киносценарийи боюнча Швеция менен Франциянын биргелешкен кинокомпаниялары «Манасчы» кинотасмасына Т.Бакчиевдин айтуусунда «Күлчоронун Үргөнч суусун кечиши» окуясы тартылды; 2005-2006-жылдары Кыргыз улуттук телерадиосунун «Алтын казынасына» анын айтуусунда үчилтиктин айрым бөлүмдөрү жазылды. Т.Бакчиевдин авторлугунда «Алман-беттин жомогу» эки жолу жарык көрдү (Каракол, 1995; Б., 2012); башка манасчыларда Каркырага келгендер Көкөтөйдүн ашы экен, көп чатактын башы экен дешип, тойгондон кийин таркап кетишчү. Ал эми Т.Бакчиев көрөрман, угармандарын 2013-жылы «Манастын ашына» да чакырды…; «Манастагы» айрым эпизоддор чагылдырылган көптөгөн сааттуу дисктер республиканын билим берүү системасынын мекемелерине таратылды.

- Кош тилдүү катары «Манасты» эки тилде эркин сүйлөтүп, манастаануу

окуу куралын кыргызча, орусча чыгарды. Билим берүү системасында алар эң жылуу кабыл алынды; жакынкы чет элдиктерди айтпаганда, манасчы голландиялык фольклорчу Ниенке ван дер Хейде менен да чыгармачылык байланышта болуп, көп жагынан эл аралык тажрыйбасынын кучагын жайды.

- Кыргызстандагы манасчылардын калыптанышын кыскача талдап, аларды хронологиялык тартипте жайгаштырган жыйнагы эки ирет басылды: биринчисине 48 манасчы кирсе, толукталып, экинчисине 74 манасчы топтолду; түзүүчү манасчылардын салттуу окшоштуктарына жана айырмачылыктарына көңүл бөлдү. Мисалы, Акылбек Текестеги калмактарга алардын өз тилинде «Манас» айтуусу кызыгууну туудурат; Каракол мектебине кирген 34 манасчынын ысымдарын ташка чектирип, шаардын көрүнүктүү, кооз аянтына орнотууда Т.Бакчиевдин алысты көрө билгендиги, жоопкерчилиги, ишкердүүлүгү, уюштуруучулук жөндөмү, чиновник-терге өтүмдүүлүгү, эрки өтө ачык байкалды!

- Жогоруда белгиленген коомдук иш-аракеттерди жүзөгө ашырууда илимий көз караштарды пайдалануунун зарылчылыгы туулду, ал төмөндөн жогору, жөнөкөйдөн татаалды карай өнүктү: манасчы курстук иштерди жазуудан эмгектерди жаратууга, студенттин формалдуу логикасынан изилдөөчүнүн диалектикалык логикасына карай көтөрүлдү. Анын далили - Т.Бакчиев илимий-публицистикалык 5-6 китептин, отуздай макалалардын автору катары чыгармачыл чөйрөгө таанымал болду (Манастааным Жомокчунун жолу; Свяүенный зов. Мнемонистическое творчество жомокчу; Шаабай, Манасчынын өмүр чыгармачылыгы; Ашымдын көөнөрбөс мурасы; Кыргыз өзөгү (авторлош); «Манас» эпосу жана ислам дини: өз ара мамилелери ж.б).

- Буга чейин изилдөөчүлөр, негизинен, «Манас» кыргыз элинин баатырдык, эпикалык мурасы, эстелиги, анын басып өткөн жолу; «Манастын» дүйнөлүк маданиятта ээлеген орду жана мааниси; жаралышынын башаты, доору; жаратылышка, адамга, эмгекке мамилеси; идеялык мазмуну; каармандардын карама-каршылыктуу образдар системасы; көркөм дүйнөсү, көлөмү, сюжеттик композициясы, патриотизми, поэтикасы, туруктуу окуялардын кульминациясы, тили; анын тарыхый тагдыры; «Манас» – фольклордук чыгармалардын классикалык үлгүсү; элдик биримдик идеясынын чагылышы сыяктуу тематикалардын алкагында аракеттеништи. XXI кылым жана анын маданий-социалдык, саясий, эл аралык шарттары «Манаска» аяр, комплекстүү мамиле жасоону талап кылат. Ал үчүн жалаң эле адабият теориясын, тил илимин, фольклористиканы пайдалануу аздык кылып калгандай мезгилге келгендейбиз. Улуттук чоң-чоң ошондой кызыкчылыктарга жооп берүүчү комплекстүү, фундаменталдуу изилдөө (фундаменталдуу эмгектер табигый илимдерге гана тиешелүүбү?) бул - «Манас» жана саясат».

- Ачыктан ачык эле чыккан субңективдүү ар кандай каршылыктарга карабастан эмне үчүн «Манас» жоюлуп, жоголуп кетпеди? Анткени аны эл жараткан, элдик архивде сакталган. Сактап гана калбастан эл, элден суурулуп чыккан титан манасчылар көп жагынан аны өркүндөткөн. Арамзаалуу, бурмалаган, буйрукчул, залим, зөөкүр, кыянатчыл, бийликти кызыкчылыгына пайдаланган өзүмчүл, чыккынчылыкка сугарылган кара күчтөр эл жараткан руханий улуу байлыктардын өмүрүн кыскартууга убактылуу, жасалма кудуреттери жетпеди. Мындай идеялар монографиянын башталышынан аягына

чейин кекчил саясатчыларга каршы куйкалаган кызыл жалын болуп өтөт. Ал үчүн монографист: апологиялуу, динге негизделген, династиялуу, империялуу, конфедерациялуу, тирандуу, теократтуу мамлекеттердин «Манаска» карата саясаты менен эпостун өз ара мамилелерин орто кылымдан берки фактыларын айныгыс изилдеген; өзүнүн эмгектерин эске албаганда автор ички, тышкы 250дөн көбүрөөк булактарды жана архив материалдарын талдаган жана пайдаланган (тиешелүү ээ бир адабияттар негедир тизмеге кирбей калган).

- Жаратылыш, коом, адамдагы айрым кубулуштарды ар тараптан карап, обңективдүү жыйынтыктарга келүү жеке илимдердин колунан келбей баратат. Ошондуктан экөө-үчөө кошулуп, бир илимди пайда кылууда (адамдын экологиясы, астрофизика, агрохимбиология, сот-эксперт медицинасы). Бул принципти Т.Бакчиев аксиология, адабият, дин, маданият, саясаттаануунун, психология, социология, тарых, физика, философия, фольклористика, этнографиянын тогошкондогу мүмкүнчүлүктөрүн колдонгон; биомагнит, биохимия, нейрофизиология, социологиянын кээ бир ыкмалары жана алардын адистери менен бирдикте изилдөө жүргүзүп, мурда анча деле кезиге элек илимий корутундуларды чыгарган (282-285-б.).

- Кыргызстан-Кытай-Россия-Гер-мания-Франция-Англия ж.б. багыттарда «Манастын» үчилтигине эстеликтер арналды, дагы арналат, алар документтерде, драмаларда, изилдөө-лөрдө, кинолордо, китептер, музыка, операларда ж.б. чагылдырылды; ал эми Манаска арналган эстеликтер Бишкекте, Талас, Москва, Нью-Йоркто тургузулду. «Манас» эпосу жана Манас абсолюттук адекваттуулукка жатабы? Ушундай суроого жооп издеп, «кыргыз элинин салттуу турмушу, маданияты, дүйнө таанымы, «Манас» жөнүндөгү баяндын өзөгүн жана Манастын өзүн да реалдуулук катары кароону» Т.Бакчиев колдоду жана аны коомчулукка тартуулады (285-б.).

- Манастаануугa гана эмес, дегинкисинде ар кандай кубулуштарга, обңектилерге, түшүнүктөргө аныктама берүү ар бир субңектинин эле колунан келе бербейт. Ошондой болсо да манастаанууда топтолгон илимий тажрыйбаны жана бүгүнкүнүн талабын, зарылчылыгын эске алуу менен манастаанууда изилдөөчү өзүнүн аныктамасын чечкиндүү сунуштаган. Ошол эле мезгилде манастаануунун негизги обңектиси деп «Манас» эпосу менен катар манасчылык касиетти да эсептейт (40-б); аныктама автордун «Манастаануу» аттуу окуу куралында да берилген (14-б); эки эмгектеги аныктамалардын форма жана мазмунунда эч кандай айырма жок.

- «Манас» эпосунун жаралыш доору (жаралышы, келип чыгышы, пайда болушу, чыгышы сыяктуу синонимдер, сөз айкалыштары кезигет) жөнүндө бир далай версиялар бар. Аларды автор танбайт. Ошентсе да ал өз гипотезасын көптөгөн булактар аркылуу ачып берүүгө далалаттанган; бирөөлөрдүн айткандарын, көз караштарын жөн гана комментариялап койбостон, аларга анализ берип, өз ойлорун ортого салган (43-72-б.).

- Тарыхтагы айрым фактылар гуманитардык (мисалы, адабият-таанууда, тилде), коомдук илимдерде (тарых, философия, экономика ж.б.) бир беткей бурмаланып, калпыс чагылдырылгандыктан, аларды кайра-кайра «ремонттоого» туура келет. Бул өңүттөн караганда, Т.Бакчиев монографиясын, негизинен, калыстык менен ишке ашырган (сындоосу башка маселе). Айталы, орус империясы «Манаска» жана манасчыларга кандайдыр бир өтө терс, өлүм

деңгээлине чейин же эпостун текстин бурмалоого алып келген саясий аракеттер көрбөгөндүгүн, тескерисинче, «Манас» эпосу же манасчыларды колдоо боюнча мамлекеттик атайын саясат жүргүзбөгөнү менен шартына жараша, жеке деңгээлде ар кандай колдоого алуу аракеттери көрүлгөндүгүн автор далилдөө белгилейт (87-88, 99, 135, 147- б. ж.б.).

Жогоруда айтылгандай, Т.Бакчиев-дин манасчылыгына жана илим изилдөөчүлүгүнө таянып, айрым жыйынтыктарга келели.

Т.Бакчиевди чоң манасчы катары таанууга убакыт жетти. Анткени ал «Манастын» үчилтигин өз варианты жана тиешелүү чыгармачылыгы менен өркүндөтүп, эл алдынча айтат; техникалык каражаттар аркалуу «Манасты» дүйнө элдерине таркатууда; Т.Бакчиевди чоң изилдөөчү катары да таанууга убакыт жетти. Анткени ал манастаанууну саясаттаануу менен төгүндөгүс айкалыштырууда алгачкы-лардын бири катары байкалды, ага чейинки бир да манасчы илим изилдөөчү толугу менен «Манас» айталган эмес. Мыкты саяпкер күлүктөрүнүн же суу төгүлгүс жорголорунун бирин экинчисинен төмөн көрбөйт, аларды байгеге жеткидей таптайт. Т.Бакчиев да манасчылыгы менен илимпоздугун бирдей таптаган деңгээлге жетти. Анысын «Манас» жана саясатында» толук, комплекстүү көрсөтө алды. Демек, ал  эл тааныган манасчы, илим чөйрөсү тааныган окумуштуу. Эки сапат бири-бирине эриш-аркак, бири-бирин колдоп, толуктап, улам кийинки прогресстерге умтулууда. «Манас» жана саясат» аркалуу Т.Бакчиев алардын энергетикасын өзүнө топтоду. Биздин оюбузча, мамлекеттик сыйлыктардын бирине, илимий наам, даражага татыктуу эмгек.

Кереметтүү түштөрүндө жаш улан Бакай, Манас, Сыргак, Чубак, Ырамандын ырчы уулуна, Семетей уюткулуу аталарына, акылман Чыйырды, Каныкей энелерине жолуккан; Саякбай бабасынын батасын алган; Шаабай устаты үч кап таруу берген (аны Талантаалы жеп бүтелек…); жетилген кургактагы инсан өңүндө Ж.Ашыралиев, Ж.Жоробеков, К.Исаев, А.Какеев, М.Мамыров, Ж.Сааданбеков, О.Тогусаков, А.Эркебаев сыяктуу илимпоз агалары, Ш.Акмолдоева, Б.Кебекова, Р.Кыдырбаева өңдүү окумуштуу эжелери менен эчен курдай кезигишип баалуу кеңештерин, сунуштарын кабыл алып, илим изилдөөсүнө алардын эмгектерин керектеген. Бул жерде академик К.Исаевдин ролун өтө баса белгилүү зарыл. Жооптуу редактор катары ал «Манас» жана саясат» мамилесин изилдеген алгачкы эмгек» аттуу баш макаласы менен монографияга ак жол каалаган. Шарттуу түрдө «Манас» жана саясатты» код же тест катары эсептесек, анын ачкычы К.Исаевдин алгы сөзү. Андан кийин монографияны түшүнүү жеңилдеп калат.

Монографиянын 1-бабы Б.Путиловдон эпиграф келтирүү менен башталат (пайдаланылган адабият-тардын тизмесинде Б.Путилов да көрүнбөйт). Анын 1-жарымында «Манас» сыяктуу руханий мурас менен байланышкан касиеттин сырын түшүндүрүү мүмкүн эмес. Бул сыр табышмак бойдон кала берери айтылат. Илим андан да терең, бекемирээк жашынган сырларды бүгүн болбосо, эртең ачат. Андыктан илимдин мүмкүнчүлүктөрүн эч качан чектебеш керек. Эпиграфтын 2-жарымында аны (табышмактуу сырды) жандыруу үчүн таптакыр башкача мамиле талап кылынарын Б.Путилов мойнуна алат. Андан ары баралы. Ал («Манас») байыркы доорлордон башат алып, мифтер менен сугарылып, «табияттан тыш», «адаттан тыш», «кайып дүйнө» түшүнүктөрү менен колдоого алынып, реалдуу өлчөмдөр менен кабыл алынат экен (астын сызган - Ш.Ш.).

Б.Путилов кандай гана позицияны ээлебесин, анысына карабай эртеби, кечпи илим – акыры диалектикалык жыйынтыктарга келиши мүмкүн. Биздин оюбузча, бир эле автордогу логикалык мындай бүдөмүктүү, карама-каршылыктуу эпиграфты пайдаланбаса деле монография өзүнүн татыктуулугун жоготмок эмес. Ушундай эле карама- каршылык Т.Бакчиевдин өзүндө да байкалгансыйт. Мисалы, Назар менен Тыныбек «Манас» айтышканда «көпчүлүктүн бир даары Назар күчтүү десе, экинчи бир даары Тыныбек күчтүү деген» («Манасчылар», 32-б). Ушул эле эпизод монографияда Тыныбектин пайдасына чечилет (77-б).

Илим бир ордунда тура бербейт, өнүгөт-өсөт, фактылар такталаары белгилүү. Ошентсе да түбөлүк чындыктарга туруктуу мамиле керектир.

Азыркы мезгилде коом, адамдын көз караштары, тутунган баалуулуктары өзгөрүүдө. Ошентсе да бүтүндөй элди динчил болууга үндөө - бир беткейлик. Саясаты жок эле, дин болгон жерде элдик атеизм да болгон, боло берет. Ал үчүн динчилдерди же атеисттерди күнөөлөө же кысымга алуу илимге жатпайт (260-261-б).

Кыргызстандын жети дубанын эки жолу кыдырып, 1093 адамды социологиялык жана психологиялык жактан сурамжылоо эмне деген майтарылгыс эркти, «Манаска», илимге жан дили менен эмгек кылууну жана аларга берилгендикти талап кылган! Анын жыйынтыктары ишенимдүү жана кызыктуу. Эгерде сурамжылангандар градацияланганда, алардын репрезентативдүүлүгү мындан да жогору көтөрүлмөк экен. (261-263-б. «Бүткөн ишке сынчы көп, бышкан ашка кашык көп» болгубуз келбейт).

Жакшынакай долбоор менен курулган үй шыбалбай, акталбай, сырдалбай турса, кандай көрүнөт. Анын сыңарындай (ар кандай салыштыруунун кемчилиги бар), мазмундуу, кайталангыс чыгармада болор-болбос кемтик кезиксе деле окурманга аз да болсо, доо кетчүдөй… Муну «Манас» жана саясатка» оодарсак, стилдик кээ бир мүчүлүштөр кеткенине өкүнөсүң: «Манас» эпосунун кыргыз элинин турмушунда ээлеген тарыхый орду (29-б.) - кыргыз элинин турмушунда «Манас» эпосунун ээлеген тарыхый орду; чоң саясий мааниге ээ (36-б.). саясий чоң мааниге ээ; айрым Батыш окумуштуулары (58-б.). -Батыштын айрым окумуштуулары; үч чоң катаал тарыхый доор – катаал үч чоң тарыхый доор; үч тарыхый инсан (60-б.) -тарыхый үч инсан; 9 кызыл чаар байтал (78-б.) - кызыл чаар 9 байтал; белгилүү мамлекеттик–саясий ишмер (86-б.) - мамлекеттик-саясий белгилүү ишмер; айрым расмий документтер (106-б.) - расмий айрым документтер; дагы бир маанилүү мамлекеттик чечим (115-б.) - мамлекеттик дагы бир маанилүү чечим; алгачкы кыргыз интеллигенттери (134-б.) - кыргыздын алгачкы интеллигенттери; айрым бир республикалык, союздук маанидеги басылмаларда чагылдырылган (148-б.) - республикалык, союздук маанидеги айрым басылмаларда чагылдырылган; 1948-1949-жылдардагы космополиттерге каршы жүргүзүлгөн компания (165-б.) -космополиттерге каршы жүргүзүлгөн 1948-1949-жылдардагы компания; эки карама-каршы тарап (185-б) - карама-каршы эки тарап ж.б. Буларды кемчиликтер деп айтууга деле болбостур. Бирок жылмалап койсо, китептин 2-басылышы утуш гана алмакчы.

Манастаануу мындан 130 жыл мурда эле жаралганы менен илим катары дүйнөлүк деңгээлге чыгууга мүмкүнчүлүгү толук жетелектигине (40-б.) автор кейигенсийт. Капа болбо, Таке. Анын себептерин өзүң ийне-жибине чейин изилдебедиңби. Эми да кеч эмес. Айрыкча, «Манастын» үчилтигин «Адамзаттын

материалдык эмес маданий мурасынын репрезентативдүү тизмесине» ЮНЕСКОнун киргизген-дигинен кийин (4\XII. 2013) эпостун жана манасчылардын капкасы дүйнө элдерине кеңири ачылаарына ишенебиз. Ал убакта «Манас» полиглот болуп калат да, манастаанууну жана чыңгызтаанууну ааламга тездик менен жайылта берет. Элибиздин жалпы сыймыгы ушуларда турат. Бул сыйлыкка мындан 5-6 жыл мурда эле бөлөнмөкпүз. Бирок биздин болтойгон, борпоң, камыраабаган, кашаң элчилерибиздин, өкүлдөрүбүздүн кесепетинен; республикабыздын бийлигинин коңгуроо кагууга жөндөмсүздүгүнүн, чечкинсиздигинен «Манасты» алдырып жиберип, кандай гана зор күч жумшап, аны элибизге кайра тартууладык. Намыстуу бул ишке К.Самаков экөөңөрдүн салымыңар башкалардан көбүрөөк экендигин эл оозунан түшүрбөй, чын пейилден Силерге ыраазы!

«Манас» КЭР аркылуу ЮНЕСКОго катталганда, өкүнүчтүн шоруна чылансак, ал кайра өзүбүздүн колго тийгенде кубанычтын ыйы жүзүбүздү чайыды!

Ошентип, телегейи тегиз «Манасты» комплекстүү изилдөөнүн үлгүсүн «Манас» жана саясат» даана көрсөтүп, башкаларга жол ачты. Эмки кезек «Манас жана жаныбарлар дүйнөсү», «Манас» жана жибек жолу», «Манас» жана спорт» «Манас» жана урбанизация», «Манас» жана цивилизациянын» изилдөөчүлөрүнө келди окшойт.

«Манас» – чексиздиктердин чексиздиги, ал мейкиндикке, убакытка жана бурмалоочуларга эч багынбайт. Эгерде «Манаска» жана манасчыларга бут тоскондор дагы эле ээрчий берсе:

«Пилди көрүп, бир кандек
Үрүп чыкты жулунуп.
Жаны калбай безилдеп,
Алды-артына урунупту» эскерип коюшса, жетишерлик болор эле.